Жакып Өмүралиев атындагы орто мектеби

# "Окуу керемет!" долбоорунун негизинд уюштурулган "Окуу жана эсеп лагери" боюнча текстуалдык отчет


Тарбиячылар: Б. Арзымова

А. Муратжанова

## “Окуу керемет!” долбоорунун негизинде уюштурулган жайкы лагерь боюнча текстуалдык отчет

| Багыттары | Аткарылган иштин жыйынтыгы |
|---|---|
| | 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы менен башталгыч класстарда “Окуу керемет!” долбоорунун алкагындажайкы 10 күндүк лагер уюштурулду. Лагерь 8-июндан 18- июнга чейин болду.<br>Жалпысынан башталгыч класстардан 25 окуучу тартылган. Окуучулар үчүн атайын окуу залы жана сабак өтүлүүчү бөлмөлөр, спорттук аянтчалар уюштурулду. |
| Окуйбуз ,ойлонобуз, талкуулайбыз. | Окуучулар ар кандай кызыктуу жомоктор,аңгемелер,ырлар жана ар кандай чыгармалар менен тааныш болушту. Мисалы: “Төрт бурчтуу өлкө”, “Пилдей чоң калп”, “Чекит”жана башка чыгармалар.<br>Окуучулар бул чыгармаларды окуп үйрөнүү менен бирге өзүлөрүн ошол чыгарманын каармандарынын оордуна коюп, анын мүнөзүн кыял жоруктарын талдап, “кандай экен, эмне деди,туура кылдыбы?”-деген суроолорго жооп табышып, аягында биргелешип жыйынтык чыгарып жатышты.<br><br> |
| Стратегиялар | Лагердин жүрүшүндөгү сабактарды өтүүдө бир катар стратегиялар пайдаланылды.<br>“Түшүндүрүү жана негиздөө” стратегиясы<br>Бул стратегиянын пайдасы, окуучулар өзүлөрү чыгарган мисал,маселелеринин жоопторун өнөктөшүнө же класска ар кандай формада түшүндүрүп бере алышат,мисалы,оозеки же жазуу түрүндө же болбосо эстөө материалдардын, |

| | |
|---|---|
| | диограммалардын жана ар кандай сүрөттөрдүн жардамы менен көрсөтүп бере алышты.<br>"РАФТ" стратегиясы<br>Бул стратегияны пайдалануу менен окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсү өнүгөт.<br>Окуучулар"РАФТ"стратегиясын пайдаланышып,чыгарманын диаграммасын түзүп берүүгө үйрөнүштү. |





| | |
|---|---|
| Жомоктор дүйнөсүнө саякат | Окуучуларга жомок китептерди окуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн.Атап айтканда ар түрдүү жомоктордун түлөрү,жомокту угуу үчүн ыңгайлуу болуш үчүн жер төшөктөр салынган,отургучтар коюлган.Окуучулар окуу залынан каалаган жомоктопрун жана кызыктуу китептерин алып окушат.<br>Мындан сырткары окуучуларга "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" аттуу сабак өтүлдү. Анда окуучулар жомок каармандарына айланышып,бири-бирине кат жазышты. Бул сабактын максаты окуучуларга жакшы менен жаманды түшүндүрүүгө чоң жардам берет. |





| | |
|---|---|
| ...чылык ...анасы | Лагердин жүрүшүндө тарбиячынын жардамы менен окуучулар өз алдынча түстүү кагаздардан жана башка нерселерден кызыктуу оюнчуктарды, буюмдарды, ар кандай жандыктарды өз колдору менен жасашты. |





| | |
|---|---|
| Кызыктуу оюдар жана көнүгүүлөр | Окуучуларга көнүгүүлөр жана кызыктуу оюндар лагердин жүрүшүндө байма-бай ойнотулуп жатты.Өзгөчө окуучуларга "Көңүлдүү жол", "Келгиле учурашабыз", "Көз менен байланыш", "Жер титирөө", "Калпак", "Мышык", "Самурай" оюндары жакты. |








| | |
|---|---|
| "Күн-баянды" барактоо | Күн баянды барактай турган атайын бурч уюштурулган. Анда окуучулар башынан өткөргөн кызык туу окуяларын |

| | |
|---|---|
| | жана лагерден үйрөнгөндөрүн "Күн баян" баракчасына баяндап жазуу менен жазгандары боюнча талкуу өз убугында уюштурулуп жатты. |





| | |
|---|---|
| Каалоо тилек дарагы | Окуучулар бири-бирине болгон жакшы каалоо тилектерин "Каалоо тилек" дарагына жазып, чапташты. |






| | |
|---|---|
| Лагердин окуучулар үчүн пайдасы | Лагер окуучулар үчүн абдан кызыктуу да жана көңүлдүү да болду. Алгач лагерге кызыккан балдардын саны азыраак болсо, улам барган сайын лагерге кызыккан балдардын саны арбыды.<br>"Окуу жана эсеп лагери"окуучулар үчүн жакшы натыйжасын берди. Мында окуучулар бири-бирин достук мамиледе сыйлоого, жаңы нерселерди үйрөнүүгө, достору |

| | |
|---|---|
| | менен табият кучагында көңүл ачып сабак өтүүгө жана кызыктуу оюндарды ойноого шарт түзүлдү.<br>Ошондой эле бул лагерге башка шаардык мектептерден келген окуучулар да кызыгуу менен келип жатышты. |
| Жыйынтыктоо | Ошентип жакшы ийгиликтер менен лагерибизди экскурсияга чыгуу менен жыйынтыктадык. |







